# Улуттук банктын ноталары

*(2017-жылдын май айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк) тарабынан ноталарды жайгаштыруу боюнча беш аукцион өткөрүлгөн, аукциондо жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 16,7 пайызга көбөйүү менен 14,0 млрд сомду түзгөн.

Өткөрүлгөн аукциондордогу суроо-талаптын орто аукциондук[1] көлөмү ай ичинде 33,4 пайызга төмөндөө менен 11,9 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн. Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатына ылайык отчеттук мезгил ичинде сатуу көлөмү өткөн айдагыдай эле 7 жана 28 күндүк ноталар менен сунушталган, анда жайгаштыруунун жалпы суммасы 9,5 млрд сомду (+2,9 пайыз) түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү жыл башынан тартып 17,5 пайызга төмөндөө менен 4,3 млрд сомду түзгөн. 100,0 пайыздык (жыл башынан тартып +1,9 п.п.) үлүшү менен коммерциялык банктар Улуттук банктын ноталарына ээлик кылуучулардан болуп саналган. Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде сатуунун орточо аукциондук көлөмү ай ичинде 17,7 пайызга төмөндөө менен 1,9 млрд сомду түзгөн.

Ошентип, Улуттук банктын ноталарынын рынок тарабынан аныкталган орточо алынган кирешелүүлүгү кароого алынып жаткан мезгил ичинде 28 күндүк ноталардын жогорку кирешелүүлүгүнө (2,9 пайыз; +1,3 п.п.) байланыштуу ай ичинде 0,5 пайыздык пунктка көбөйүү менен 1,7 пайызды түзгөн. Улуттук банктын 7 күндүк ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү 0,9 пайызда (+0,4 п.п.) калыптанган.

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




[1]Ай ичинде аукциондордун саны туруктуу болбогондуктан, бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сатуунун динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк Улуттук банктын ноталарына ээлик кылуучулардын түзүмү**

*млн сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Юридикалык жактар - резиденттер | | Жеке адамдар - резиденттер | | Институцион. инвесторлор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.06.2016 | 2 000,0 | 1 976,4 | 98,8% | 23,6 | 1,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.07.2016 | 5 986,0 | 5 979,0 | 99,9% | 7,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.08.2016 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.09.2016 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2016 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2016 | 2 000,0 | 1 976,6 | 98,8% | 23,4 | 1,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2016 | 2 000,0 | 1 986,2 | 99,3% | 13,8 | 0,7% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2017 | 5 244,0 | 5 142,4 | 98,1% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 101,6 | 1,9% |
| 01.02.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.03.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2017 | 4 280,0 | 4 280,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2017 | 5 250,0 | 5 250,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2017 | 4 325,0 | 4 325,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |